| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**<br><br>**ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ** |

**Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги онунчу сессиясы**

# Т О К Т О М № 181

2025-жылдын октябрь айынын 28и Тамчы айылы

2026-жылга "Дем берүүчү Гранд" аркылуу аткарылуучу долбоорлорго жергиликтүү бюджеттен өздүк салым кароо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында, Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айылдарында өткөрүлгөн Элдик жыйындарынын протоколдорун карап чыгып, Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги онунчу сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.2026-жылга карата Тамчы айылындагы клубду оңдоп түздөөгө түзүлгөн долбоорго жергиликтүү бюджеттен өздүк салым катары 862 660 (сегиз жүз алтымыш эки миң алты жүз алтымыш) сом каралсын (Долбоор жалпы 5 862 660сомго түзүлгөн, анын 5 000 000сому "Дем берүүчү Гранд").

2. 2026-жылга карата Тамчы айылындагы мончону ондоп түздөөгө түзүлгөн долбоорго жергиликтүү бюджеттен өздүк салым катары 4 000 000(төрт миллион) сом каралсын (Долбоор жалпы 4 664 366 сомго түзүлгөн, анын 664 366 сому "Дем берүүчү Гранд").

3. 2026-жылга карата Чырпыкты айылындагы клубду оңдоп түздөөгө түзүлгөн долбоорго жергиликтүү бюджеттен өздүк салым катары 3 895 666(үч миллион сегиз жүз токсон беш миң алты жүз алтымыш алты) сом каралсын (Долбоор жалпы 8 895 666 сомго түзүлгөн, анын 5 000 000 сому "Дем берүүчү Гранд").

4. 2026-жылга карата Тору-Айгыр айылынын Кентибаев көчөсүн асфальттоого түзүлгөн долбоорго жергиликтүү бюджеттен өздүк салым катары 6217053(алты миллион эки жүз он жети миң элүү үч) сом каралсын (Долбоор жалпы 11 217 053 сомго түзүлгөн, анын 5 000 000 сому "Дем берүүчү Гранд").

5. 2026-жылга карата Сары-Камыш айылындагы М.Ноорузбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин спорт залын оңдоп түздөөгө түзүлгөн долбоорго жергиликтүү бюджеттен өздүк салым катары 5 161 944(беш миллион бир жүз алтымыш бир миң тогуз жүз кырк төрт) сом каралсын (Долбоор жалпы 10 161 944 сомго түзүлгөн, анын 5 000 000 сому "Дем берүүчү Гранд").

6.Токтомду макулдашуу жагы Ысык-Көл райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

7.Токтомдун аткарылышы Тору-Айгыр-Тамчы айыл өкмөтүнүн башчысы А.М.Джаныбековго милдеттендирилсин.

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө "Бюджет, экономика жана муниципалдык менчик" боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Н.Т.Иманалиев**